## Тарыхы

Кесиптик жакшы окутулган жана сыйлуу кызматкерлер ар кандай заманбапведомстволуксалык системасында абдан маанилүү – активдер болуп саналышат. Ошондуктан Азия Өнүгүү Банкынын “Кыргыз Республикасынын салык администрациясын реформалоо жана модернизациялоо” долбоорунун максаттарын ишке ашыруунун биринчи кадамы болуп 2009 жылдын июль айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматынын борбордук аппаратынын окутуу секторунун базасында салык кызматынын окуу борборун түзүү болуп саналган.

Окуу борбору Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдарынан мамлекеттик каттоодон өткөн, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинен окутуу ишмердигин жүргүзүү укугуналицензиясы бар(КР ББжИМ АШ №1921 II-1560).

Жаныокуу борборунун корпусунун ачылышы 2010-жылдын29-октябрында Кыргыз Республикасынын президенти Роза Отунбаева жана Бишкек шаарынын мэри Иса Омуркуловдун катышуусу менен өттү.

2015-жылдын январь айынан баштап салык кызматынын түзүмүнүн кайра уюштурулушуна байланыштуу Окуу борбору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын курамындагы Персоналды окутуу сектору болуп кайра түзүлдү. Жакшы жабдылган окуу базасы бар.

Салык кызматынын персоналдарды окутуу борбору менен төмөнкүлөр ишке ашырылат

- даярдоо, кайра даярдоо, салык мыйзамдарын терен үйрөнүүнүн негизинде салык органынын кызматкерлеринин кесиптик билим деңгээлин жана квалификацияларын жогорулатуу;
- салык кызматынын органынын кызматкерлеринин кесиптик билим берүүнүн натыйжасында алганбилимин жана шыгын өз ишиндеколдонууга калыптандыруу
- кызматкерлерди салык мыйзамдарын практикада колдонуу үчүнченемдик - укуктук актыларга киргизилген өзгөрүүлөр жана толуктоолор боюнчаөз убагында окутуу.

Аймактарга өз убагында практикалык жардамды көрсөтүү максатында чыгып окутуу курстары уюштурулууда.

## Окутуучу курамы

Персоналды окутуу секторунда системанын бардык кызматкерлерин туруктуу негизде окутуу максатында атайын тренердик курстардан өткөн, жогорку квалификациядагы салык кызматынын кызматкерлеринен тренердик курам түзүлгөн.

## Кызматташуу

Салык кызматы туруктуу негизде жогорку окуу жайлары ( Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы,Кыргыз - Орус Славян университети, Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академиясы, Кыргыз экономикалык университети, Бишкек каржы-экономика академиясы, Кыргызстан Эл-аралык университети) менен кызматташат:

салык кызматынын жетекчилиги  жана кызматкерлери илимий - практикалык конференцияларга, усулдук жана башка семинарларга катышышат.

Персоналды окутуу сектору салык консультанттары Палатасы менен Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын практикада колдонуу боюнча программаларды чогуу жүргүзүү максатында кызматташат.

Жыл сайын жаштарга жана башка калк катмарлары  үчүн“Ачык эшиктер күнүн” өткөрүү,салык кызматкерлерининжогорку билим берүү окуу жайларында туруктуу негизде педагогикалык ишмердүүлүгү, студенттердин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматынын бөлүмдөрүндө практика/стажировка өтүүсү, калктын салык боюнча сабаттуулугун өстүрөт, ошондой эле, салык маселелери боюнча окутуу кызматтарынөнүктүрүү тармагында  салык кызматынын ролун жогорулатат.

Окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча мамлекеттик кызматкерлердинчегинде Персоналды окутуу сектору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматы менен  тыгыз кызматташат. Мамлекеттик буйрутманын алкагында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык, салык кызматынын кызматкерлерин окутуу үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын окутуу графиги боюнча туруктуу негизде билим алышууда. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын жарыялаган конкурстардын жыйынтыгы боюнча англис тилин билген салык кызматынын кызматкерлери Турция, Индия, Корея, Япония, Малайзия ж.б ушу сыяктуу өлкөлөрдө көчмө окуу турларында билим алышууда.